Бекитемин:

А.Закиров атындагы орто

Мектебинин директору

Абишева У.О

**Усулдук бирикме жөнүндө жобо**

**1.Жалпы бөлүм**

**1.1.Усулдук бирикме мектептеги окуу-тарбия иштерин бир түзүмдүк тармагы болуп саналат.**
**1.2 Усулдук бирикмелер К Р-нын Конституциясынын,билим берүү тармагына тиешелүү мыйзамдарын жана ченемдик-укуктук актыларын жетекчиликке алышат.**
**1.3Усулдук бирикме КР-нын жалпы билим берүү боюнча Алкактык Укуктук Куррикулумунда сунушталган билим берүү тармагына караштуу предметтерден сабак берүүчү мугалимдердин саны 3-төн кем эмес болсо түзүлөт.**
**1.4.Иштин негизги багыттарын,формаларын мектептин усулдук иштеринин максатына жана милдеттерине ылайыктап мектептин усулдук кенеши бекитет.**
**1.5.Усулдук бирикменин мүчөлөрү мектептин окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын көрсөтүүсү боюнча мектептин директорунун буйругу менен тузулот жана керек учурда жоюлат жана кайра уюштурулат.**
**1.6.Усулдук бирикменин жетекчиси жогорку кесиптик билими жана педагогикалык тажрыйбасы 5 жылдан кем болбошу керек.**
**Усулдук бирикмелер окуу-тарбия боюнча директордун орун басарына туздан түз баш ийишет.**

**2.Мектептин усулдук бирикмесинин максаттары жана милдеттери**

**2.1.Мугалимдердин усулдук бирикмесинин максаты мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу,кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү**
**2.2 Педагогдордун билимин өркүндөтүү үчүн жана заманбап технологияларды колдонууну жогору денгээлге көтөрүү үчүн сапаттуу окутууларды уюштуруу**
**2.3. Нормативдик иш кагаздарды окуп-үйрөнүү,мектеп шартына ылайык нускамаларды иштеп чыгуу**
**2.4. Окуу программаларындагы татаал бөлүктөрдү же темаларды чогу талдоо,тийиштүү чечим кабыл алуу**
**2.5. Мектеп компонентин тандоого түзүүгө катышуу**

**2.6.Мугалимдердин жекече иш пландарын бекитүү,автордук программаларды,усулдарды талдоо**
**2.7.Предмет боюнча ар кайсы авторлордун иштелмелери жана жаны усулдук адабияттар менен таанышуу жана окуп –үйрөнүү предметин сабак берүү усулдарын талдоо**